«Жылалды» № 8 орто мектеби

# Мектепке окуучуларды кабыл алуу боюнча жобосу

**"Бекитемин"**

**"Жылалды" №8-орто мектебинин**

**директору ________ У.Эшенкулова**

**"__28__" __август__ 2021-ж**

## Өзгөн районунун "Жылалды" №8-орто мектебинин окуучуларды кабыл алуу жөнүндө

## ЖОБОСУ

Максаты жана милдеттери.

1.1 Өзгөн районунун "Жылалды" №8-орто мектебине "Окуучуларды кабыл алуу жөнүндө жобо" окуучулардын документтерин кабыл алууну август, май эсеби аркылуу окуучуларды мектепке каттоо боюнча жолдоу, эрежелери баяндалган негизги нормативдик документ болуп саналат.

1.2 Ош облусунун Өзгөн районунун Жылалды айылында жашаган окуучуларды толук кабыл алуунун жүрүшүнө жетишүү

1.3 Милдеттери:

- Мектепке 5-6 жаштагы окуучуларды даярдоо классына тартуу;
- Окуучулардын билимдерин баалоого карата жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу мамлекеттик стандарттын негизинде предметтер боюнча аңгемелешүүнү жүргүзүү;
- Окуучуларды мектепке кабыл алуу жөнүндө маалыматтарды өзүчүрүндө даярдоо менен класс жетекчилер, участкага бөлүнгөн мугалимдер аркылуу коомчулукка маалымдоо;
- Кабыл алуу комиссиясын түзүү менен анын ишин ачык айкындык, калыстык принципте уюштуруу ;
- Ата-энелердин аңгемелешүүнүн жыйынтыгы менен окуучуларды мектепке каттоо;
- Окуучуларды ийримдерди тандоосуна багыт берүү.

## II. Окуучуларды кабыл алуунун негизги талаптары

2.1. 1- класстарына мектептин биринчи баскычтагы даярдоо классын аяктаган окуучулары кабыл алынат.

2.2. Окуучу бөлүнгөн классы боюнча мамлекет тарабынан программага ылайык билимге ээ болууга тийиш.

2.3. Өздүк делосундагы предметтердин баалары толук болуу зарыл.

## III. Документтерди кабыл алуу

Мектепке кабыл алынууда төмөнкү документтер кабыл алынат:

3.1. **Мектеп директорунун наамына жазылган ата-эненин арызы**

**3.2. Окуучунун өздүк делосу**

**3.3. Үй-бүлөсү тууралуу маалымдама**

**3.4. Ф-63-формасындагы медициналык карта**

**3.5. 3Х4 өлчөмүндөгү 4 сүрөт.**

**3.6 туулгандыгы тууралуу күбөлүк**

**3.7.ОМС**

**3.8 ата-энесинин паспорту.**

## IV. Документтерди кабыл алуу жана мектепке каттонун мөөнөтү

4.1. **Документтерди кабыл алуу аңгемелешүү түрүндө эки мөөнөт менен өткөрүлөт:**

- **Биринчи мөөнөтү: 15.05-25.05 аралыгы, айылдан кыдырып тактоо**
- **Экинчи мөөнөтү: 20.08-30.08**

**4.2. Мектепке каттоо 30-августта аяктайт.**

## V. Кабыл алуу комиссиясы

5.1. Окуучуларды кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

Анын милдети:

- Мектепке келген окуучулардын жеке аңгемелешүүнүн негизинде жөндөм, жашына ылайык окуучуларды класстарга бөлүү, мектеп негизги максаттарын, милдеттерин окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымдоо, окуучулардын ден соолуктары жөнүндө маалымат алуу, мектепке келген мотивдерин билүү менен мектепке каттоо процессин уюштуруу.

5.2. Кабыл алуу коммисиясынын төрөгалык милдетин мектеп директору аткарат. Мүчөлөрүнүн арасынан жооптуу катчы шайланат.

5.3. Предметтик комиссиялар мектептин мугалимдеринен түзүлөт.

## VI. Аңгелешүүлөрдү жана предметтик тестирлөөнү уюштуруу.

6.1. Даярдоо классына өтүү үчүн: ангемелешүү,сыноо жүргүзүлөт.

6.2. 1-класска өтүү үчүн: ангемелешүү,жазуу,саноо.

6.3. 2-4-класстарга өтүү үчүн:жат жазуу,окуу,эсеп чыгаруу

6.4. 5-8-класстарга өтүү үчүн: тест.

6.5. Даярдоо 6,7-класстарына кабыл алууда математикадан тест, жат жазуу алынып, окуу техникасынын деңгээли текшерилет.

6.6. Кирүү экзамендерин тапшыргандан кийин, окуучу менен кабыл алуу комиссиясы аңгемелешүү өткөрөт.

6.7. Жыйынтык баага окуучу макул болбосо, ал аппеляцияга берүүгө укугу бар.

## VII. Мектепке каттоо

7.1. Окуучулар аңгемелешүүнүн жыйынтыгы менен мектепке кабыл алынат.

7.2. Мектепке каттоо кабыл алуу комиссиясы аркылуу жүргүзүлөт.

## VIII. Жаңжал (конфликт) комиссиясы

8.1. Мектепке каттоо учурунда пайда болгон пикир келишпеген кырдаалда жөнгө салуу үчүн жаңжал комиссиясы түзүлөт.

8.2. Жаңжал комиссиясы мектептин администрацияларынан, соц педагог, мугалим жана ата-энелерден түзүлөт.

8.3. Кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү, же башка мугалимдер, ата-энелер жобонун талаптарын бузуп жаткандыгы аныкталса, жаңжал комиссиясы чакырылып, түзүлгөн кырдаалда жөнгө салуу иштери жүргүзүлөт.

8.4. Жаңжал комиссиясы окуучулардан, же алардын ата-энелеринен түшкөн арыздарды өз учурунда карап чыгып, чечим чыгарат.

## IX. Кандай жеңилдиктер бар.

9.1. Райондук, областтык, республикалык предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү башка мектептерден келсе ийгиликтери жарыяланыуу менен кабыл алат.

## X. Психологиялык тест жүргүзүү

10.1. Окуучуларды каалаган класска кабыл алынышына психологиялык жардам көрсөтүү максатында, документ алып жаткан учурда алдын-ала психологиялык суроолор жүргүзүлөт. Соц педагог сурам жылоо жүргүзүүдөн келип чыккан корутундунун сунушу аңгемелешүүнүн баасына эч таасирин тийгизбейт.

## XI. Маалымат менен камсыз кылуу

11.1. Мектепке кабыл алуу шарттары, андагы окуу просеси боюнча багыттар жөнүндөгү маалыматтар,ар түрдүү чыгармачыл конференциялар, коомчулук аркылуу кабарланат. Мындай маалыматтардын өз убагында, жеткиликтүү формада кабарланышын камсыз кылуу иши мектептин директоруна жүктөлөт.

11.2. Мектепке кабыл алуу ишин мындан ары өркүндөтүү балдарды колдоого алуу, ошондой эле жаштарга башынан атайын бир таалим-тарбия берүү максатында, мектеп маалымат берилет.

( Окуучулардын дайын-дареги; райондук, областтык, республикалык олимпиаларда байге орундарын ээлегендиги ж.б.)